Сабактын темасы: Молдо Кылыч " Зар заман", "Буудайык", Бүркүттүн тою"

Сабактын максаты:

а) билим берүүчүлүк жагы: Молдо Кылычтын өмүрү-чыгармачылыгын окутуу

б) өнүктүрүүчүлүк жагы: Анализдөө жана синтездөө жөндөмдүүлүгүн өздөштүрүшөт.

-Практикада билимди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү артат.
-Убакытты пландаштыруу жана башкарууну үйрөнүшөт.
-Ык,машыгууларды маалыматтар аркылуу иштешет.

в) тарбиялык жагы: Адабий мурастарды, руханий байлыктарды, муундан-муунга жеткирүүгө үгүттөө

Сабактын усулу: Аңгемелешүү, чың билим берүү усулу.

Сынчыл ойлом стратегиялары

Сабактын ыгы: Концептуалдук карта, ББББК

Сабактын жабдылышы: Окуу китеби, таркатмалар.

Сабактын тиби: Жаны тема өтүү

Пайдаланган адабияттар:

1. Кыргыз поэзиясынын антологиясы Ф.1985ж.
2. «Кыргыз адабиятынын тарыхы» К.Артыкбаев Ф.1979ж.
3. « Кыргыз адабияты»10-класс
4. Кыргыз адабияты томдуктар Б.2012ж.
5. Молдо Кылыч. «Казалдар». Б.2000ж.

Сабактын жүрүшү: Саламдашуу (сабакты уюштуруу)

Жаны тема: Молдо Кылыч "Зар заман", Буудайык", " Бүркүттүн тою"

ПЛАН:

1. Акындын өмүрү чыгырмачылык жолу
2. Молдо Кылычтын чыгыштын акындарынан окуп таалим алышы
3. Акындын чыгармачылыгын биринчилерден болуп ким изилдеген

Кыргыз элинин маданий өнүгүшүндө кол жазма адабиятты баштагандардын жана негиз салгандардын бири Шамыркан уулу Молдо Кылыч 1866-жылы Кочкордун Бугучу деген жеринде туулган. Ал Кочкор сарыбагышын бийлеп келген таанымал чоң манаптын тукумунан болгон. Чоң атасы кыргыз жеринде болгон көптөгөн кыргындуу тарыхый окуяларга катышкан. Анын атасы Төрөгелди манап болгон. Акындын өмүрүн жана чыгармачылыгын эң биринчи жолу илимий негизде изилдеген Тазабек Саманчиндин билдирүүсү боюнча Молдо Кылыч мектептен атайы билим алган эмес. Ал жөн гана айылдагы молдолордун жардамы менен кат-сабатын ачкандан кийин өз билимин өз аракети менен өркүндөтүп, адабиятка шыгы тез ойгонот. Молдо Кылыч Чыгыш

поэзиясынын атактуу өкүлдөрү Навои, Хафиз, Безил ж.б чыгармаларын окуган, жадакалса Казандан чыгып турган «Юлдуз» деген гезит менен тааныш болгон. Анын нукура кол тамгасы сакталып калган эмес. Мунун эки себеби бар. Биринчиси кандай кол жазма болбосун, улуттук дүйнө-мүлк катары сактоо кыргыз элинде маданият деңгээлинде өнүккөн эмес. Экинчиден, Совет бийлиги кезинде Молдо Кылычтын чыгармачылыгы катуу саясий кысымга алынган шарттарда эл арасында сакталып, калгандары өртөөлүп, жок болуп кеткен. Мына ушуга байланыштуу акындын чыгармачылык жолун баштан-аяк бир тартиптке келтирип иретке салуу мүмкүн эмес.

Молдо Кылычтын поэзиясына чоң маани берип, калың элге жеткирүүгө биринчи демилге көтөрүп, жан-дили менен киришкен чоң окумуштуунун бири Ишеналы Арабаев болгон. Ал адам 1911-жылы Казан шаарында Молдо Кылычтын «Кысам Зилзала» деген казалын жарыкка чыгарган. Ишеналы Арабаевдин айтуусу боюнча Молдо Кылыч 25 жашынан чыгармачылыгын баштаган. Бирок албетте бул божомол. А балким ыр жазуу машакаты андан да эрте башталган болуу керек.

Ошондой эле Молдо Кылычтын өмүр баянын жана чыгармачылыгын аныктап көрсөтүү мүмкүн эмес. Себеби алар жөнүндө өз учурунда жазылып калган эч нерсе жок. Ошого карабастан кыргыз маданиятынын тарыхында Молдо Кылычтын аты өчпөс адамдардын катарына койгон, бул 1911-жылы Казан шаарында жарыкка чыкан «Кысам Зилзала» деген ыр казалы. Бул кыргыз тилинде китеп болуп чыккан биринчи көркөм чыгарма.

Молдо Кылычтын аты, чыгармачылыгы өзү көзү өткөндөн кийин, айрыкча Россияда болгон. Октябрь революциясынын натыйжасында кыргыз жеринде алып келинип орнотулган Совет бийлигинин учурунда катуу чыгып, өзүнчө бир күрөштүн түйүндүү борборуна айланды. Б.Солтоноев түзгөн «Тамсилдер» деген жыйнакта Молдо Кылычтын «Канаттуулар» деген казалы 1926-жылы Москвадан жарык көргөн.

1946-жылы Тазабек Саманчин басмага даярдап, Молдо Кылычтын иргелген казалдарын жарыялады. Бул китепте акындын «Чүй баяны», «Канаттуулар», «Бүркүттүн тою», «Зар заман» деген чыгармалары кирген.

Молдо Кылычтын чыгармачылыгын изилдегендер камакка алынып же кызматтан бошотулуп, куугунтукка түшүп, ал эми акындын чыгармалары пайдаланууудан четтетилип ташталган болчу. Анын тагдыры акыркы мезгилге чейин, өзүнүн улуттук мамлекетин кура баштаган мезгилге чейин уланып келди. Жаңы доордун башталышында Молдо Кылычтын мурасына кайрадан кайрылып, чыгармаларын жарыкка чыгаруу колго алынды. Молдо Кылычтын бир канча чыгармалары «Мурас» деген жыйнакка киргизилген. Тил жана адабият институтунун түздөн-түз демилгеси боюнча Молдо Кылычтын азырынча

толугураак деп эсептелген жыйнагы даярдалып «Казалдар» деген ат менен жарык көрдү. Молдо Кылычтын акындын чыгармачылыгы XIX кылымдын аягы XX кылымда башында, б.а. кыргыз эли менен орус элинин ортосундагы маданий-социалдык карым- катыштар улам тереңдеп, улам татаалданып бараткан учурда өттү. Молдо Кылыч эмне жөнүндө жазган?

Акындын казалдарын абайлап карасак, аны эң ириде кызыктырган, акындын шыгын ойготкон тема кыргыз жери, кыргыз жеринин жаратылышы экени байкалат. «Керме-Тоо», «Жинди суу», «Чүй баяны» казалдарында жөнөкөй эле аталып чыккан өсүмдүктөрдү, жан-жаныбарлардын, куштардын аттарынын өзү эле кыргыз жеринин табиятын таанып билүүдө канчалык агартуучулук мааниси бар.

Молдо Кылыч Чүй жергесинде коомдук турмуштагы өзгөрүштөрдү, «Жылкы салчу жерге», «Кала орногонун» айтат. Токмок базарынын сырткы көрүнүшүн, ал жердеги ар түркүн улуттагы адамдардын тиричилик кыймылын кеңири сүрөттөйт. Алыскы Тянь-Шань тоолорунан келген акынды, дүкөндөр, устаканалар, бөтөнчө базардагы элдин калың катмар жыйылышы таң калтырат, акын алардын бирин калтырбай кагазга түшүрүүгө аракеттенет. Мына ошолордун ичинде акын үчүн эң түйүндүсү-орус адамы. Орус адамы «чочко доңуз» бакан, дини башка «капыр» катарында көрүнүп көңүлүнө жакпайт. Экинчи жагынан орус адамынын жашоо тиричилиги акынды таң калтырат.

Молдо Кылыч мунун баары Чүй жерине келген жаңылык катарында сезет, ошону айныбай бузбай сүрөттөйт. Чүй боорунун өзгөчө бир табиятын даңазалаган өзүнчө бир поэтикалык кооз окуя десек болот. Бул поэма жөнүндө өз учурунда Т.Саманчин мындайча жазган экен: «Бүркүттүн тою»-бай манаптардын берген той-аштарынын калың букара элге келтирген жабырчылыгына тамсил түрүндө көрсөткөн аллегориялык-сатиралык поэма. А чынына келгенде бай-манаптардын той өткөрүү каадасын келекелеп сынга алуу акындын максатына жатпайт, тек гана Молдо Кылыч өзү жакшы билген адам турмушундагы каада-салттарды, жөрөлгөлөрдү куштар дүйнөсүнө «көчүрүп» келип, канаттуулардын жеке айырмачылыктарын сүрөттөөнү көздөгөн.

Акын кыргыз жаратылышындагы куштардын турмушун аябай жакшы билгени, ага кандайдыр бир кокустан эмес, учур-учуру менен эмес, ички зарылдыктан улам такай кайрылып, өзүнөн төл максаттарынын бирине айландырганы дал ушул казалдан да ачык көрүнөт. Ошондуктан бул поэма аллегория эмес жана дагы тамсил да эмес. Комуз чертүү, жомок айтуу, чор тартуу, күрөш салуу-бул адам турмушунан алынган түшүнүктөр. Акындын көрөгөчтүгү ушунчалык экен, куштун жан-жаныбардын атын атаганда эле ага ылайык «адамдык кесип» кошо коштолуп, кыска, так мүнөздөмөгө айланып жатат.

Акын поэманын сюжетин өнүктүрүш үчүн атайы окуя кубалабайт, жөн гана ар бир көрүнүштүн так мүнөздөмөсүн берет. «Ат чабыш» окуясын алып көрөлү.

«Күлүктөргө» он байге сайылат. «Баш байгеси куу», андан ары улам кичирейип отуруп, эң соңкусу «Чычкан» болот. Ушул эле градация-тартип күлүк жарышка да толук сакталып, эң биринчи болуп «карчыга кыран», онунчу болуп «күйкө» келет. Акын байгени гана эмес «жеңип алуучуларды» да ушул градициядан өткөрөт. «карчыга кыранга»,- «куу», «күйкөгө», «чычкан» тиет. Акын негизги күлүктөрдөн жарышын сүрөттөбөйт. Ал жөн гана күлүктү түз эле маанисинде сыпаттап сүрөттөйт. Себеби акынды кызыктырган эң биринчи иретте, бул куштардын. Канаттуулардын, жан-жаныбарлардын өз дүйнөсү, мындайча айтканда алардын кылык жоругу, мүнөзү жашоо машакаты. «Бүркүттүн тою» поэмасы кыргыз адабиятында, кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн өркүндөшүнө жалпы жаңы багыт ачкан чыгарма катарында өзүнүн айрыкча тарыхый маанисине ээ.

Т.Саманчин «Молдо Кылыч», «Иргелген казалдар» деген жыйнактын кириш сөзүндө түз эле «Буудайык» Кылычтын өзү чыгармасы эмес, бул «куш төрөсү буудайык жөнүндөгү элдин жомогу» деп божомолдогон. Бирок 1956-жылы талкууда өзүнүн өтө ке

ңири жана далилдүү сөзүнө ушул поэмага атайы көңүл бөлүп, бул поэманы эл оозунан угуп, кайрадан иштеп чыккан бир гана Молдо Кылыч болушу мүмкүн деген жыйынтыкка келет. Бул поэма өзүнүн стили, образдык курулмасы боюнча акындын башка чыгармаларынан айырмаланып, кантсе да, элдик эпостун поэтикалык табиятына жакындап турат.

«Буудайык» поэмасынын мурда белгисиз, жаңы вариаттынын «Мурас» журналына жарыяланышы, бул ачык-айкын далил. Молдо Кылычтын чыгармачылыгында «Буудайык» аттуу поэма өзүнчө бөлүнүп, айырмаланып турат. Бул чыгарма өзүнүн көркөмдүк табияты боюнча элдик сюжеттин негизинде жазылганы айгине. Поэмада адегенде Койлуу Түкөлөй деген карыянын оозунан жазылып алынган да 1925- жылы жарыкка чыккан.

«Тамсилдер» деген китепке киргизилген. Куш төрөсү Буудайык жөнүндөгү мифологиялык сюжет баарынан мурда адам менен жаратылыштын ортосундагы табигый бирдикти, гармонияны, илгертен келаткан бул кош бирдиктүү мыйзам ченемдүүлүктүн сүрөттөйт. Жаратылыш мыйзамын бузуу, ага зордук-зомбулдук көрсөтүү, табигый эркинен ажыратуу, акыркы келип адам турмушунун коогалуу трагедиясына алып келет.

«Буудайык» поэмасы адам менен жаратылыштын ортосундагы татаал мамилени ачык сүрөттөп баяндайт. Элдик мифтин ушул гениалдуу идеясы биздин оюбузча Молдо Кылыч кайрадан иштеп чыккан «Буудайык» казалында эң сонун ыр саптары менен

берилген. Бул поэманын элдик түп негизинде жаткан адам менен табияттын ортосундагы бөлүнбөс бирдик идеясы, бул анчейин гана кыргыз фольклорунун, кыргыз маданиятынын жекече гана улуттук кенчи, мүлкү эмес, өзүнүн көркүмдүк ишке ашырылышы боюнча ал жалпы адамзаттык кадыр баркка толук татырлык окуя, көрүнүш десе болот.

Молдо Кылычтын адабий тагдырында айрыкча мааниге ээ болгон жана кыргыз адабиятынын тарыхында бөтөнчө талаш-тартыштарды жасаган чыгармаларынын бири »Зар заман» казалы. Молдо Кылыч саясий күрөшкө түшүргөн да, акындын поэзиясын ак дилинен изилдегендерди далай каардуу азапка салган да ушул чыгарма. Тагыраак айтканда ошого себепкер болгон, негиз түзгөн ушул чыгарма. Бул чыгарма өзүнүн тематикасы, мазмуну боюнча Калыгулдун «Акыр заман», Арстанбектин «Тар заман» поэмаларын улайт. Бирок улап гана чектелбейт, традициялуу мотивдерди андан ары тереңдетет, кеңейтет, ал эми кээ бир коомдук-турмуштук көрүнүштөрдү сүрөттөө жагынан жаңы сапаттык баскычка көтөрүлөт. «Зар заман» казалында акын өзү доору, мезгили жөнүндө ой жүгүртүп, кыргыз турмушунун кеңири сүрөттүн тартууну көздөгөн.

Молдо Кылыч бул казалында кыргыз турмушунун көп түйшүктүү, катаал жактарын санат түрүндө ырга кошуп, сүрөттөп чыккан.

«Зар заман» бул баарынан мурда акындын кыргыз турмушу,кыргыз тагдыры жөнүндөгү бүтүндөй өзүнчө бир акылмандык ой-толгоолору, акындын жүрөктөн чыккан муң-зары эртеңкиден күткөн үмүт-тилеги, келечек идеалы. Дал ушул чыгармада Молдо Кылычтын көз карашындагы даанышмандык менен тарыхый чектелиши өзүнүн бүткүл карама-каршылыктары менен ачык чагылган. Молдо Кылычтын ал чыгармасы эл арасында колжазма түрүндөгү да, оозеки түрүндө да кеңири таралган. Ал «Зар заманда» төмөнкүдөй саптарды бекеринен жазбаган!

Жатып өзүм кайгырам,
Казак кыргыз калкыма,
Жапан өскөн караңгы,
Артта калган салтына.

Молдо Кылыч ушул «караңгылыктын», «артта калган салттан» чыгуунун ишенимдүү жана келечектүү кадамын жасаган акын жазгычтардын, акын агартуучулардын биринчи катарында турат.

« ЗАР ЗАМАН»

Молдо Кылычтын адабий тагдырында айрыкча мааниге ээ болгон жана кыргыз адабиятынын тарыхында бөтөнчө талаш-тартыштарды жасаган чыгармаларынын бири «Зар заман» казалы, Молдо Кылычты саясий күрөшкө түшүргөн да, акындын поэзиясын ак дилинен изилдегендерди далай каардуу азапка салган да ушул чыгарма. Тагыраак айтканда ошого себепкер болгон, негиз түзгөн чыгарма.

Эмне үчүн? Бул чыгарма өзүнүн тематикасы, мазмуну боюнча Калыгулдун «Акыр заман», Арстанбектин «Тар заман» поэмаларын улайт. Бирок улап гана чектелбейт, традициялуу молтивдерди андан ары тереңдетет, кеңейтет, ал эми кээ бир коомдук-турмуштук көрүнүштөрдү сүрөттөө жагынан жаңы сапаттык баскычка көтөрүлөт.

«Зар заман» казалына акын өзү доору, мезгили жөнүндө ой жүгүртүп, кыргыз турмушунун кеңири сүрөтүн тартууну көздөгөн.

Молдо Кылыч мен,
Болжолу жок санатым,
Айта берсем сабаган,
Ак шумкардай канатым,
Окуп көргөн молдолор,
Өчүрө көр калатын,
Жакшы окуп карасаң,
Оюндагы сөзүндүн,
Баары мындан табасың.

Буга чейин бир дагы чыгармасында Молдо Кылыч «оюңдагы сөздүңдүн баары мындан табасың» деген сыяктуу максаттарды айтпайт, андай милдетти алдын-ала өз мойнуна жүктөбөйт, тесерисинче, эмне жөнүндө сөз болорун конкретүү түрдө чектеп коңт. Демек, мына ушуга караганда «Зар заман» казалында акын өз доору, мезгили жөнүндө ой жүгүртүп, кыргыз турмушунун кеңири сүрөттүн тартууну көздөгөн.

Ырасында эле Молдо Кылыч бул казалында кыргыз турмушунун көп түйшүктүү, катаал жактарын санат түрүндө ырга кошуп, сүрөттөп чыккан. Азыркы келечек мезгил жөнүндө акындын ой жүгүртүүсүн табат, анын көпчүлүгүнө кошулат, анткени ал накыл сөздөр азыр да өз маанисин көрөтпөй, күнү бүгүнкүдөй жаңыча угулат, кай бирине макул болбойт, кантсе да алар өз күчүн жоготпой өз мезгилинин, учурунун гана керектөөлөрүнө кызмат аткарып чектелгиси сезилип турат.

Бирок кандай болсо да «Зар заман» бул баарынан мурда акындын кыргыз турмушу, кыргыз тагдыры жөнүндөгү бүтүндөй өзүнчө бир акылмандык ой толгоолору, акындын жүрөктөн чыккан муң-зары, эртеңкисин күткөн үмүт-тилеги, келечек идеалы. Ошондуктан дал ушул чыгармада Молдо Кылычтын көз карашындагы даанышмандык менен тарыхый чектелиш өзүнүн бүткүл карама-каршылыктары менен ачык чагылган.

Молдо Кылычтын «Зар заман» эл арасына колжазма түрүндө да, оозеки түрүндө да кеңири таралган чыгарма. Буга анын мазмуну боюнча да, формасы боюнча да көп түрдүүлүгү ачык далил. Ошолордун арасынан азырынча эки гана варианты жарыкка чыкты. Биринчиси- Малтабаров Убайдылда 1936-жылы кол жазмалар фондуна тапшырган нуска Т.Саманчин негизге алган бул вариант Молдо Кылыч. «Иргелген казалдар» (Фрунзе,1946-ж.) деген жыйнакта жарыяланган. Малтабаров Убайдылда акындын өз

окуучусу болгон, ошондой эле белгилүү жазгыч акын Ысак Шайбековдун жакын досу экен.

«Зар заман» ушул акыдан көчүрүп жазып алган. Ушуга караганда Малтабаров Убайдылданын варианты түп нускага (автордук оргиналга) жакын болуш керек. «Зар замандын» экинчи белгилүү варианты-бул Белек Солтоноевдин көчүрмөсү. Бул вариант Молдо Кылычтын «Казалдар» деген китебине кирген (1991ж.)

Ушул эки вариантты эле салыштырып көргөндө Молдо Кылычтын «Зар заманы» мазмуну жагынан окшош болгону менен формасы бир кыйла айырмалуу экенин байкалбай койбойт.

Эмне үчүн мындай болуп жатат? Баарынан мурда буга себеп, автордук түп нускасынын сакталып калбаганында. Белгилүү колжазма адабияты бардык элдерде көчүрмөлөр түрүндө жашайт, эл арасына тарайт. Ал көчүрмөлөр кээде автордук кол жазмадан көчүрүлүп алынса, кээ бир шарттарда андайдын жоктугунан жаттап алган ырга шыктуу адамдардын оозеки айтканынан да жазылып алынат. Айрыкча бул негизинен жана басымдуу учурда, оозеки формада өнүккөн поэзиясына мүнөздүү. «Зар заман» санат түрүндө жазылган чыгарма. Казалдын бул жанрдык касиети туурасынан Т.Саманчин өзүнүн эмгектеринде жеткиликтүү жазган.

Мына ошондуктан «Зар заман» поэмасы көп темалуу, көп катмарлуу чыгарма, ошол темалардын эң башкылары: өткөн турмуш жөнүндө, азыркы өз учурундагы мезгил жөнүндө ойлонуу жана келечекке көз жүгүртүү, жигиттер, кыздар жөнүндө, диндик жөрөлгөлөр жана молдолордун кылык-жоругу жөнүндө пикир айтуу жана эң акырында, Молдо Кылыч бул казалында өз доорунун поэтикалык санжырасын жаратып жатып, ошол доордун эң курч маселеси болгон кыргыз-орус адамынын өз ара байланышына кайрылбай коймок эмес. Молдо Кылыч өз учуру, өз заманы жөнүндө ойлонгондо ал сөзсүз түрдө азыркы мезгилди өткөнгө салыштырат, азыркы турмуштун, жүрүш-туруштун бузулуп баратканына кейип, өткөнгө соңуркайт, аны өзүнчө бир укмуш доор катары даңазалайт. Ал турмак, азыркы учурду өткөнгө тикелей карма-каршы коет.

Молдо Кылыч “Бүркүттүн тою”

Мурунку өткөн заманда,
Жан-жаныбар аманда.
Ар уруктун баарысы
Эркн менен болгондо.
Алсыздарын алдырып,
Эси чыгып ошондо
Булбул чечен ой кылды,
Бүркүт баатыр той кылды.
Ал жеткенин алдырып,
Канаттуунун баарына
Катуу бүлүк салдырып.
Жагалмайды жиберди
Жалпы куштун баарына,
Барьш кабар сал деди.
Үкү куштун жакшысы,
Бабырган куштун бакшысы –
Баары келсин деп айтты.
Бүркүт баатыр улугу,
Карчыга куштун камбылы,
Кошо келсин деп айтты,
Ылаачындай алгыры,
Ителгидей илгири,
Бу да келсин деп айтты.
Кыргый келсин кыпылдап,
Турумтай келсин шыпылдап,
Куркулдаган кузгуну,
Карышкырдын жолдошу,
Бу да келсин деп айтты.
Мен үчүн жаның кый деди,
Кара куштун баарына
Кабар салып, жый деди.
Тоо башьгада жоруну,
Ак кажырдай зоруну,
Тазкарадай далбакты,
Илек-илек калдакты,
Куйругу узун салпакты.
Ала карга, чаркарга,
Чөкөтаан, сагызган –
Баары келсин деп айтты.
Аксары менен кулаалы
Бул да келсин деп айтты.
Кайраты жок кубаары
Күйкө бийчи келсин де,
Аңыздан чычкан терсин де,
Алыстан келген мейманга
Жемиш кылып берсин де.
Боз чымчыктын баарысын
Борбаш баатыр жыйсын де.
Чабиекей керектүү,
Чакырып кел деп айтты
Күкүк менен зейнеити.

Баатыр бүркүт улугу
Ойлоп туруп кеп айтты:
Баары келсин агайын,
Кеңешемин деп айтты,
Жалпы жайык эп келсе,
Той кыламын деп айтты.
Кеңешип жооп бер деди,
Ынтымакка кирбеген
Сонунду менден көр деди.
Ынтымактуу болсоңор
Тоо башында уларды,
Көл боюнда кууларды,
Кекилик менен чилдерди,
Өрдөк, чүрөк, каздарды,
Аңтарып баарын жыйып кел,–
Бирин койбой жаздырды.
Баатырдыкы макул деп,
Баары айткан акыл деп,
Айтканынын баарысын
Азыр жыйып келели.
Баатыр бүркүт балбаны,
Кырдын кызыл түлкүсүн
Кымтый кармап олтуруп,
Чеңгелин сере толтуруп,
Адырдан аркар алдырып,
Кобуттан кулжа эңдирип,
Арыштарын арбайтып,
Чакмак атыш көкөлөп,
Эңиштен элик бөктөрүп,
Эрдигине салдырып,
Кулжа менен текени
Кууп келип кекеди.
Айбатын жандан ашырып,
Аркыраган бөрүнү
Текөөрүнө бастырып.
Айдап келип жумушка
Салып койду кажрды.
Журт аңдыган көк жору,
Канын төккөн таз кара,
Туу көтөргөн турна,
Байбичеси каркыра.
Жасоол кылган башынан
Жагалмайдай учкулду.
Эт кайтартып коюптур,
Этке жерик кузгунду.
Азанчы кылды тоокту
Аз гана карап байкачы
Тамаша менен зоокту.
Таштан мечит курдуруп,
Суудан даарат алдырып,
Жайнамазын жайдырыш,
Ыймам кылды торгойду,

Башына селде чалдырып.
Кашкулакты коңуз тер деди,
Алыстан келген мейманга
Союш үчүн бер деди.
Дасып калган кургур деп,
Бөрүнү кой сой деди.
Бооруңду мыжыган
Мурункуңду кой деди,
Алып келип аюуну,
Кемегени каз деди,
Маймылды казан ас деди,
Илек-илек, чулдукту
Ичеги-карын жуу деди.
Жонго чаап жоруну
Эт жедирбей, куу деди.
Жумуш жөнүн билбеген
Тазгаранын башына
Сорпону жаба куй деди.
Кара боор, булдурук
Калың соно, куу, өрдөк,
Какылдаган кашкалдак,
Безилдеген безбелдек,
Суу бойлогон ак чардак,
Кирпичечен түн жойлок —
Ушулардын баарысын
Аңыз менен алдырды.
Чечен болду булбулу,
Торгой болду молдосу,
Кекилик ашкан жоргосу,
Үпүп болду жолдошу.
Эшен болду күкүгү,
Сопу болду үкүсү,
Күйкө болду бийчиси,
Жөргөмүш болду дарчысы,
Оюнчу кылды мышыкты.
Оңдоп койду кыйшыкты.
Комуз берди колуна
Чегирткеге черттирип,
Сагызганды сайратты
Жөө жомогун айттырып.
Күкүккө чоор тарттырып,
Кычы кара карганы
Үйгө түшпөй, кайт деди.
Тазгараны, жоруну
Күрөш салып бер деди.
Суур берем байгеге,
Жемиң айрып бөл деди.
Билектерин түрүшүп,
Өөдө-төмөн сүрүшүп,
Канаттары бүрүшүп,
Карпый кармап бир-бирин,
Канат жүнүн жулушуп.

Чеңгелдешип, тартышып,
Бири-бирин алалбай,
Байгесине жеталбай,
Эч-эчтеме тийген жок.
Бөрүдөн калган тарптарды
Кажырдан бийсиз алган жок,
Ушакчысы таранчы
Биринен да жаңжал жок,
Салтанатын карачы:
Токойдон алды коенду,
Кайран учкул оенду.
Куу канатын жаптырып
Байге бөлүп сайдырып,
Чогулушкан бийлери
Байге бөлгөн жерлери:
Баш байгеси куу болду.
Бирден соңго сайыптыр
Койдой болгон тоодакты.
Баш байгеси аз болду,
Үчүнчүсү каз болду.
Төртүнчүсү — уларды,
Бешинчиге сайыптыр
Кекилик, чил — чубарды,
Алтынчыга — өрдөктү,
Жетинчиге — бөдөнө,
Сегизинчи боз чымчык,
Тогузунчу байгеси
Келести байлап коюптур.
Онунчу сайган байгеси
Майда чычкан болуптур.
Ат айдады баарысы
Чоң жол менен чубатып.
Тентектик кылган балдарды
Чоң кол менен кууратып.
Жолдон чыккан балдарды
Сабап жүрөт сулатып.
Ак кулаалы салпаңдап,
Эл чакырчы болду дейт.
Ачамай куйрук кардыгач
Ат айдоочу болду дейт.
Сүрөөнчү жолдон тосуптур,
Кайра тарткан жеринен
Карчыга кыраан озуптур.
Шуулдатып канатын —
Бирден кийин ылаачын,
Жеген жеми күчч болуп
Чүйлү келди үч болуп
Күйүп жанып өрт болуп
Тынар келет төрт болуп.
Анда-санда баркылдап,
Ителги келет беш болуп.
Шамдагай болуп учкансып,

Кыргый келет артынан.
Ооп кетип этинен,
Турумтай келет жетиден.
Табы келбей сегизден.
Жагалмай келет сегизден.
Жеген жеми коңуздан
Кулаалы келет тогуздан.
Канжыгадан көтөрүп,
Кара сандан бөктөрүп,
Куюшкандан алышыш,
Күйкөдөн араң өткөрүп,
Башы койдой экен деп,
Байлап алды келести.
Ону-беши биригип
Айдап алды келести.
Өзүмдүн атым чыкты деп,
Өңөрүп алды келести.
Коңун жакшы оелу,
Тулуп кылып соелу.
Чөп чаларга тиши жок,
Эчтемеден иши жок
Чегиртке салгыч кылалы.
Капталынан оңлу,
Кайыш кылып алалы.
Он болду күйкө адашып,
Онунчу — чычкан байгесин
Кулаалыдан талашып.
Байге менен эл журттун,
Талашканын карашып.
Кулаалы, күйкө ой деди,
Талашканың кой деди.
Жер үсүнндө чычкан көп
Жетээр, алып той деди,
Ошол жерден баатырлар
Олжосун бөлүп алышты.
Торгойго куран окутуп,
Бата кылып калышты.
Жай-жайына кетишип,
Бет алдынан тарашты.

Сабакты бышыктоо:Мында өтүлгөн тема студенттер менен талкууланып, ББББК менен тема бышыкталат.

Жыйынтыктоочу суроолор:
1.Молдо Кылыч ким болгон?
2.Аны биринчилерден болуп кимдер изилдеген?
3. “Буудайык” жана “Даткайым” кандай чыгарма?

Баалоо: Студенттердин аракетине карап бааланат.

Үйгө тапшырма: “ Бүркүттүн тою”, “Буудайык” чыгармаларын окуп келүү